Бекитемин

Мектеп директору

М.Ж.Карымшаков

**У.Мурзакматов атындагы Шапак жалпы орто билим берүү мектебинин предметтик декадаларынын өткөрүлүшү жөнүндө**

**Жалпы жоболор:**

-Мектептин методикалык иш-планынын негизинде мугалимдердин профессианалдуулук компонентүүлүгүн жогорулатуу максатында жыл сайын өткөрүлөт.

-Окуучулардын таанып билүүчүлүк жана чыгармачылык активдүүлүгү жогорулайт.

-Предметтик декадалар усулдук бирикменин планына киргизилип,бекитилген график боюнча өтүлөт.

-Декада предметке тиешелүү тематикада жана максатта өтүлөт.

-Ар бир мугалим декаданын графиги мектептин методикалык кеңешмесинде каралат жана бир жылга мектептин директору тарабынан бекитилет.

Предметтик декаданын иш-планын иштеп чыгууда төмөнкүлөр эске алынат.

-Бардык мугалимдердин катышуусу.

-Иш-чаралардын уюштурулушу жана өткөрүлүшүнүн ар түрдүүлүгү;

-Дубал гезиттер жана окуу китептердин жасалгасы ;

-Катышуучуларды тартуу;

-Иш чаранын жүгүртмөсү.(так убактысын,ордун,жооптуу адамдын аты-жөнүн толук көрсөтүү)

**Предметтик декаданын максаты:**

-Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды даярдоо,уюштуруу жана өтүү менен мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;

-Окуучулардын өз алдынча чыгармачылык ишке тартуу,алардын предметтерге болгон кызыгуусун арттыруу.

-Чыгармачыл жөндөмгө ээ болгон окуучуларды аныктоо.

-Окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүү.

-Билим берүү чөйрөсүндө окуучулардын техникага,илимге,көркөм чыгармачылыкка кызыгуусун калыптандыруу.

**Предметтика декаданы уюштуруу жана аны өткөрүү тартиби.**

-Предметтик декада мектептин иш-планын негизинде өтүлөт.

-Иш-чаралар темасы,максаты менен өткөрүлөт.

-Предметтик декадалардын өткөрүлүшүнүн планы маалымат тактасына бир жума мурун илиниш керек.

-Предметтик декадалардын иш-чаралары тууралуу маалымат жана анын жыйынтыгы өндүрүштүк кеңешмеде,директор алдында кеңешмеде каралат

-Предметтик декаданын уюштуруучусу метод бирикме эсептелет.

-Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюму да,предметтик декадага өзүнүн кеңешин түзөт.

-Предметтик декада мектептин ичинде илинген көрсөтмөлүүлүк чыгармачылыгы менен коштолот.

-Предметтик декаданын жыйынтыгы менен активдүү катышкан мугалимдер жана окуучулар кызыктыруучу сыйлык,грамоталар менен сыйланат.

-Предметтик декаданын жыйынтыгы менен райондук,шаардык предметтик олимпиадага катышуу үчүн команда түзүлөт.

-Предметтик декаданын жыйынтыгы менен мектептин илимий коомуна кабыл алуу жүргүзүлөт.

-Предметтик декаданын аягында методикалык бирикмеде декаданын алкагында өткөрүлгөн иш-чараларга талдоо жүргүзүлөт.

**Предметтик декаданын катышуучулары төмөнкүлөр:**

-Декада өтүп жаткан предметтик мугалимдер тобу;

-Мектептин окуучулары:

**Предметтик декаданын алкагында эмнелер өткөрүлөт?**

-Предметт боюнча салттуу эмес сабактар(интелектуалдык сынактар,викториналар,оюндар,турнирлер,тегерек столдор ж.б)
-Класстан сырткаркы иштер
-Жалпы мектептик иш-чаралар.

**Предметтик декаданын жыйынтыгы төмөндөгөй документтер түзүлөт жана методикалык бирикмеде атайын папкага салынып,сакталат:**

-Предметтик декаданын планы;

-Ачык сабактардын планы;
-Каласстан тышкаркы иштердин сценарийи;
-Декаданын жыйынтыгынын отчету,анализи.

26.08.2022ж №1 пед кеңештин чечими менен кабыл алында

Окуу бөлүмүнүн башчысы: А.С.Султанбаева.